**Б.1.3.1. Педагогика1 (Педагогикалык кесипке киришүү)**

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттерде кесиптик жана педагогикалык багытталгандыкты, ой жүгүртүү жана педагогикалык баарлашуу маданиятын, кесиптик маанилүү инсандык сапаттарды, кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу.

**Дисциплинанын бакалавриаттын НББПнын түзүмүндөгү орду:**

| **Түрмөгү жана коду** | **Семестри** | **Эмгек сыйымдуулугу (кредит)** | **Баардыгы (сааттарда)** | **Аудиториялык иштин көлөмү (саат)** | | | **СӨИ** | **Аттестациялоо формасы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **Дарс** | **Прак. сабак** | **Лаб иш** | | |
| Б.1.3.1.. | 1 | 3 | 90 | 32 | 16 | | 42 | Сынак |

Бул дисциплинаны өздөштүрүү үчүн студенттер жалпы билим берүүчү орто мектепте адеп предмети боюнча алган билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө таянышат, ошондой эле ар кыл окуу-усулдук материалдарды окуу, билүү, түшүнүү, колдонуу билгичтиктери менен көндүмдөрүнө ээ болуулары абзел. Аларга теориялык материалды тутумдуу, ырааттуу өздөштүрүүгө, өзү билим алуу жана өзүн өнүктүрүү боюнча өз алдынча ишке даяр болуу талабы коюлат.

**Кыскача мазмуну:** Педагогикалык кесипке киришүү аны өздөштүрүү структурасы. Педагогикалык кесиптин пайда болушунун тарыхый шарттары. Педагогикалык иш аракет кесип катарында. Педагогдун инсандык сапаттары. Жогорку окуу жайындагы билим текшерүүнүн түрлөрү жана формалары. Педагогдун рефлексиялык билгичтиктерин калыптандыруу. Педагогикалык маданият. Педагогдун имиджи. Педагогикалык жөндөмдүүлүк. Педагогикалык позиция. Педагогикалык техника. Педагогикалык баарлашуу. Кыргызстанда билим берүү системасы жана өнүгүү стратегиясы.